“Бекитемин”
Кулунду айыл өкмөтүнүн башчысы
__________ М.К.Абдухамитов
“ ” ____________2025-жыл

**Кулунду айыл өкмөтүнүн кадрлар резервине ачык конкурс жарыялоо боюнча**

**Каржы боюнча башкы адистигине коюлуучу квалификациялык талаптар (Бухгалтер):**

1. ***Кесиптик билимдин деңгээли:***
   - Тийиштүү багыттагы орто же жогорку билими бар.
2. ***Иш стажы жана тажрыйбасы:***
   - мамлекеттик жана/же муниципалдык кызматтагы жыйынды стажы бир жылдан кем эмес же болбосо тиешелүү кесиптик чөйрөдө 3 жылдан кем эмес иш стажы.
3. ***Мыйзамдарды билүүсү:***
   - Кыргыз Республикасынын "Бухгалтер-дик эсеп жөнүндө" Мыйзамы;
   - "Кыргыз Республикасында инвести-циялар жөнүндө" Мыйзамы.
   - Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” мыйзамы.
4. ***Кызматчыга коюлуучу талаптар:***
   - Кыргыз Республикасынын жараны болууга;
   - муниципалдык кызмат үчүн - 18 жаштан жаш болбоого;
   - ушул кызмат орду үчүн мыйзамдарда жана кызматка кабыл алууну жүзөгө ашырып жаткан тиешелүү мамлекеттик орган, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы тарабынан белгиленген квалификациялык талаптарга ылайык келүүгө.

***Төмөнкү адам кызматчы боло албайт:***

- соттун чечими менен аракетке жөндөмсүз деп таанылган же болбосо ага соттун айыптоочу өкүмү менен кызматчы катары ишти жүзөгө ашырууга же мамлекеттик жарандык кызматтын жана муниципалдык кызматтын белгилүү бир кызмат орундарын ээлөөгө тыюу салынган;
- мыйзамдарда белгиленген тартипте жоюлбаган соттуулугу бар;
- соттуулугу жоюлгандыгына же алып салынгандыгына карабастан, мамлекеттик жана муниципалдык кызматтын кызыкчылыктарына

каршы коррупциялык жана башка кылмыштарды жасагандыгы үчүн соттуулугу бар;

- ага карата ушул бөлүктүн 3-пунктунда көрсөтүлгөн кылмыштар боюнча кылмыш иши реабилитацияланбаган негиздер боюнча кыскартылган;
- башка мамлекеттин жарандыгы бар;

5. ***Конкурска катышууга талап кылынган документтер:***

- Өзүнүн арызы;
- 3×4 сүрөт;
- Резюме (электрондук почтаны көрсөтүү менен), өздүк таржымал;
- Соттуулугу бар же жок экендиги жөнүндө маалым кат;
- нотариустан же акыркы иштеген жеринде күбөлөндүрүлгөн негизги жана кошумча билимин ырастаган документтердин көчүрмөлөрү;
- нотариустан же акыркы иштеген жеринде күбөлөндүрүлгөн эмгек китепчесинин көчүрмөсү;
- илимий даражаны жана илимий наамды ыйгаруу жөнүндө документтердин көчүрмөлөрү (бар болсо);
- паспорттун көчүрмөсү (түп нускасы конкурска келгенде көрсөтүлөт);

***Эскертүү:*** *Жасалма документтерди же атайылап жалган маалыматтарды берген адам Кыргыз Республикасынын жазык мыйзамында белгиленген жоопкерчиликти тартат.*

**Башчынын орун басары:** **Б.Мамыт уулу**